**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №_1___**
**“__1__”__сентябрь2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов ________________**
**“____”______________2025-ж.**

# Университеттин атайын каражатынын эсебинен кызматкерлердин эмгек акысына кошумча үстөк төлөм киргизүү жана ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктоо үчүн аттестациялоо жөнүндөгү жобо

*ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы № 1 –протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.*

**Жалал - Абад -2025**

# 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо КР нын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, КРнын Президентинин 20.03.2006-жыл №132-“ЖОЖдун кызматкерлеринин эмгек акыларын төлөө чени жөнүндө” Указынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.07.1999-жыл №408 “Эмгек төлөмдөрүнө карата сыйлоолор жөнүндөгү” токтомунун, Жогорку Кеңештин 29.12.2010-жыл №85 жана КР Өкмөтүнүн 19.01.2011-жыл №18 “Билим берүү мекемелеринин эмгек төлөмдөрүнүн жаңы шарттарын киргизүү боюнча” токтомдорунун, КРнын социалдык коргоо жана эмгек министрлиги, КРнын Билим берүү министрликтеринин коллегиясынын 27.07.1993-жыл №8 токтомунда бекитилген “ЖОЖдун профессор-окутуучулук курамын аттестациялоо боюнча” жобосунун негизинде иштелип чыкты.

1.2. Аттестация кызматкерлердин ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу менен бирге алардын илимий-теориялык деңгээлин, кесиптик чеберчилигин аныктап, чыгармачылыктын алдыңкы тажрыйбаларын өздөштүрүү менен аны изилдөө иштеринде колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүүсүнө жардам берет.

1.3. Аттестациянын негизги принциптери: ыктыярдуулук, ачык айкындык, коллегиалдуулук, эксперттик баалардын бирдиктүүлүгү жана системалуулугу.

1.4. Кызматкерлерди аттестациялоо жыл сайын окуу жылынын аягында кызматкерлердин кесиптик ишмердүүлүгүн баалоо максатында өткөрүлөт. Окуу жылындагы аткарган жумуштарынын талапка ылайыктуулугун кароо менен эмгек төлөмдөрүнө кошумча акы киргизилет же келишимди узартпоо жөнүндө сунуш берилет.

1.5. Эмгек акыларына кошумча төлөм 1-сентябрдан окуу жылдын аягына чейин эмгек өргүү мезгилин кошуу менен чегерилет.

1.6. Эмгек акыларына кошумча төлөмдөр кафедра башчы, профессор, доцент, окутуучу, ассистент-окутуучу, окуу-көмөкчу, административдик башкаруу, тейлөө персоналдарына, эмгек төлөмдөрүнүн жаңы шартында турган жумушчу жана кызматчыларга чегерилет.

1.7. Кызмат абалында бир жылга чейин иштегендер, бир жарым жашка чейинки баланы асыроо өргүүсүндө олтурган же декреттик өргүүдө олтурган аялдар аттестациядан өтүшпөйт жана өргүүгө чыга электе аттестациядан өткөн болсо ошол кошумча төлөмү сакталат. 1,5 жашка чейинки баланы асыроо өргүүсүндө олтурган аялдар өргүүдөн жумушка чыккандан бир жылдан кийин аттестациядан өтүшөт.

## 2. Эмгек акысына кошумча төлөмдөрдү чегерүү жана ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктоо үчүн аттестацияга даярдануу жана өткөрүү тартиби

### Эмгек акысына кошумча төлөмдөрдү чегерүү

2.1. Аттестацияны даярдоо жана өткөрүү ректорат тарабынан структуралык түзүмдүн башчыларынын катышуусу менен уюштурулат.

2.2. Аттестацияга даярдоо төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- Аттестациялоочу комиссиянын курамын тандоо жана бекитүү;
- Аттестация өткөрүүнүн графигин иштеп чыгуу;
- Аттестациялык комиссияга сунуштоо үчүн керектүү иш кагаздарды даярдоо;
- Учурдагы жобого ылайык аттестациядан өтүүчүлөрдү структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери жобо менен аттестация жүргүзгөнгө чейин 2 жума алдын ала тааныштыруу;

2.3. Окуу жылынын аягында, аттестацияны өткөрүүгө 2 жума калганда структуралык түзүмдүн башчылары (директор , кафедра башчысы, бөлүмдүн башчылары) өзүн-өзү аттестациялоо боюнча ар бир аттестациядан өтүүчү кызматкерге аттестация баракчасын даярдайт, аттестациядан өтүүчүлөрдүн жеке маалыматтарынын AVN порталына жүктөлүшүн көзөмөлдөшөт. Андан соң берилген маалыматтардын негизинде эмгек акысына кошумча төлөмдүн өлчөмүн аныктап сунуш берет. Аттестация боюнча

өткөрүлгөн жыйындын протоколдорун тапшырышат. (AVN порталына жүктөлбөгөн маалыматтар университеттин аттестациялык комиссиясы тарабынан каралбайт).

2.4. Кошумча төлөмдүн өлчөмү профессор-окутуучулук курамын, окуу-көмөкчү, административдик башкаруу жана кичи тейлөөчү кызматкерлерин аттестациялоо үчүн түзүлгөн критерийлердин негизинде аныкталат.

**Ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн аныктоо тартиби**

*2.5. Кызматкер тарабынан окуу жылы ичинде Уставды, эмгек келишимин, ички тартип эрежелерин жана башка кабыл алынган жоболорду, эрежелерди бузган учурлар катталса, функционалдык милдеттерин аткарбаса тартип бузуулар жөнүндө актылар түзүлүп, түшүнүк каттар алынат.*

*Структуралык түзүмдүн башчылары өздөрүнүн жыйынында адистин өткөн окуу жылы ичинде келишимдин шарттарын, функционалдык милдеттерин аткаргандыгын (же аткарбагандыгын) карайт. Кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсү жөнүндө атайын протокол түзүлүп, ректорго кызматкердин андан ары иштөөсү, келишимди токтотуу, кийинки жылга келишимди узартпоо же айлыгы аз башка жумушка которуу жөнүндө сунуш берилет.*

3. **Аттестациялык комиссиянын курамы жана иштөө тартиби**

3.1. Комиссиянын атайын түзүлгөн курамы жана анын иштөө графиги университеттин ректору тарабынан бекитилет.

3.2. Комиссиянын курамына университеттин проректорлору, административдик структуралык бөлүмдөрдүн өкүлдөрү киришет.

3.3. Комиссияга түшкөн мааалыматтарды талкуулоо атайын графиктин негизинде жүргүзүлөт жана протоколго жазылат.

3.4. Биринчи кезекте структуралык түзүмдөрдүн башчылары аттестацияланат, андан соң кызматкерлери өтөт.

3.5. Аттестациялык комиссия аттестациялануучунун тиешелүү түзүмдүк бөлумдөрдүн жетекчилерининин тастыктап берген документтерин жана бүтүмдөрүн кароо менен ачык (же жабык) добуш берүү аркылуу тиешелүү чечимди чыгарат. Аттестациялануучунун аткарган иштери жөнүндө туура эмес маалыматтарды тастыктап берген жетекчиге тиешелүү чаралар колдонулат.

3.6. Бир эле адамды кайрадан аттестациялоого жол берилбейт.

3.7. Эгерде аттестациялануучу жүйөөлүү себеп менен аттестациялык комиссиянын жыйынына кирбей калса, ал жаңы окуу жылдын башына чейин (1-сентябрга чейин) аттестациядан өтүүгө болот, бирок бир гана жолу.

3.8. Аттестациялык комиссиянын чечими жаңы окуу жылынын башталышы менен күчүнө кирет жана өзгөрүүсүз калат (акыркы чечим болуп эсептелет).

3.9. Аттестацияны өткөрүүдө жана добуш берүүдө аттестациялык комиссиянын бекитилген курамынын мүчөлөрүнөн 2/3 кем эмес катышуусу шарт. Добуш берүүнүн жыйынтыгы көпчүлүк добуш менен аныкталат.

3.10. Аттестациялануучу кызматкер аттестациялык комиссиянын мүчөсү болсо добуш берүүдө өзү катышпайт.

3.11. Аттестациянын жыйынтыгынын негизинде ректор эмгек акыга кошумча төлөмдүн өлчөмүн бекитүү боюнча буйрук чыгарат.

## 4. Профессор-окутуучулук курамдын, административдик-башкаруу, окуу-көмөкчү жана кичи тейлөөчү кызматкерлердин ишин баалоо критерийлери

**(**AVN порталына жүктөлүшү шарт) *ОК прот.№5,31.01.2025-ж.,ОК прот.№10, 30.06.25-ж, прот №1,01.09.2025-ж өзгөртүү, толуктоо киргизилди)*.

| № | Жумуштун аталышы | Баллдары |
|---|---|---|
| 1. | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен чыгарылган) **илимий монографиялардын, окуу китептеринин, окуу куралдарынын** (лекциялык курстарынын саны (басмадан чыкканы), алардын AVN порталына, электрондук китепканага жайгаштырылышы (N – монографиялардын, окуу китебинин, окуу куралынын саны, 5 жылдык эсептелет) | N x 15 балл |
| 2. | **Ойлоп табуу патенти** (бардык мезгил үчүн), N – саны | N x 15 балл |
| 3. | **Профориентация иштеринин жыйынтыгы** боюнча ОКОЖго, ЖОЖго күндүзгү бөлүмгө кабыл алынган ар бир абитуриент үчүн (кабыл алуу комиссиясынын буйругу менен тастыкталса, ОКОЖдон ЖОЖго күндүзгү бөлүмгө тартылган абитуриенттер да эсептелинет), ОКОЖго башталгыч билим берүү, эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо, чет тили мугалими, ЖОЖго чет тили адистиктерине алынып келинген абитуриенттер эсептелинбейт. Балл берилүүчү адистиктердин тизмеси жыл сайын студенттердин контингентине жараша өзгөрүлүп турат). N –абитуриенттердин саны (бул жерде чогулткан баллдарына жараша кошумча төлөм 100% дан ашпайт, б.а., КТ≤100%, ал эми илимдин кандидаттары, докторлору, Phd –докторлор үчүн кошумча төлөм 50% дан ашпайт, б.а., КТ≤50%,).<br>**Окутуучу (кызматкер) жыл бою мектептерге барып кесипе багыт берүү ишин жүргүзүп, кабыл алуу комиссиясы өз ишин баштаганда ага тиешелүү формадагы абитуриенттердин тизмесин техникалык катчыларга тапшырат.** | N x 4 балл |
| 4 | **Академиялардын анык, корреспондент мүчөсү, ардактуу профессор наамдары үчүн**:<br>КРнын Улуттук илимдер Академиясынын академиги (же корреспонденти),<br>КРнын Инженердик Академиясынын академиги (же корреспонденти),<br>(N – саны, N ≤ 1) | 15 балл<br>15 балл |
| 5 | **Өзү окуткан предметтен (компьютер тандаган бир эле предмет эсептелинет) тапшырган тесттин жыйынтыгы,** 60 баллга чейин болсо, аттестациялык комиссия тарабынан ээлеген ордуна ылайыктуулугун кароо боюнча ректорго сунуш берилет, 60 баллдан жогоркусу эсептелинет (илимдин кандидаттарына, докторлоруна автоматтык түрдө 25 балл кошулуп берилет). | 60-79 =7 балл<br>80-89 =14 балл<br>90-100=25 балл |
| 6. | **ЖАМУнун билим берүү, илим багытындагы курстарына** катышкандыгын тастыктаган сертификаттары үчүн ( N – саны, N ≤ 3) | N x 3 балл |
| **7** | **Жаш окутуучуларга** (окуу жайды бүткөнүнө 3 жыл боло элек) буйрук менен **насаатчы катары бекитилген**, тиешелүү критерийлер боюнча отчет берип, жакшы жыйынтык көрсөткөн насаатчыларга ( N – саны, N ≤ 2) | N x 8 балл |
| **8** | **Профессордук–окутуучулук курамдын** окуткан предметтери боюнча тиешелүү материалдарынын болушу (окуу китеби (куралы), лекциялар жыйнагы, практикум китеби, студент үчүн жумушчу дептери, УМК ж.б. ( N – саны) | N x 4 балл |

**Эскертүү:** Эмгек акысына кошумча төлөм **КТ** ( %) төмөнкүчө аныкталат:

**КТ**= Кх∑балл, %, К-коэффициент (К=0,5); ∑балл≤100% –чогулткан баллдарынын жалпы суммасы, жалпы **КТ**≤100%.

**Аттестациянын жыйынтыгы аттестациялануучу тарабынан AVN порталына сөзсүз жүктөлүшү зарыл. AVN порталына PDF вариантта өз убагында жүктөлбөсө кайра каралбайт жана жыйынтык чыгарылбайт.**

**4.1 Илимий макалаларды жарыкка чыгарууга** (Scopus, Web of science ж.б.,) 20000 сом өзүнчө сый акы берилет (бир жылдык эсептелинет, авторлорго бөлүштүрүү менен).

**4.2 Чет тилди (англис) билүүсүнө** алган сертификатынын деңгээлине жараша, төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн суммада айлык акысына кошулат (чет тили кафедраларынан башкаларга) *(ОК протоколу №6, 28.01.2022-ж., ОК протоколу №5,31.01.2025-ж.өзгөртүү, толуктоо киргизилди)*:

| | | |
|---|---|---|
| | **1. В - Өз алдынча билүүсү (Independent User):** | **Сом менен** |
| 1. | B1 - (Intermediate); | 7000 |
| 2. | B2 - (Advanced). | 8000 |
| | **2. С - Эркин билүүсү (Proficient User):** | **Сом менен** |
| 3. | C1 - (Proficiency); | 9000 |
| 4. | C2 - (Masters). | 10000 |

**Аттестациянын жыйынтыгы аттестацияланууччу тарабынан AVN порталына сөзсүз жүктөлүшү зарыл. AVN порталына PDF вариантта өз убагында жүктөлбөсө кайра каралбайт жана жыйынтык чыгарылбайт.**

**4.1 Илимий макалаларды жарыкка чыгарууга** (Scopus, Web of science ж.б.,) 10000 сомдон 20000 сомго чейин өзүнчө сый акы берилет (бир жылдык эсептелинет, авторлорго бөлүштүрүү менен).

**4.2 Чет тилди (англис) билүүсүнө** алган сертификатынын деңгээлине жараша, төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн суммада айлык акысына кошулат (чет тили кафедраларынан башкаларга) *(ОК протоколу №6, 28.01.2022-ж., ОК протоколу №5,31.01.2025-ж.өзгөртүү, толуктоо киргизилди)*:

| | | |
|---|---|---|
| | **1. В - Өз алдынча билүүсү (Independent User):** | **Сом менен** |
| 1. | B1 - (Intermediate); | 7000 |
| 2. | B2 - (Advanced). | 8000 |
| | **3. С - Эркин билүүсү (Proficient User):** | **Сом менен** |
| 3. | C1 - (Proficiency); | 9000 |
| 4. | C2 - (Masters). | 10000 |

## 5. Айып төлөө баллдары

5.1. Кызматкерлер тарабынан өзүнүн функционалдык милдеттерине, жекече иш пландарын аткарууга, тарбиялык иштерге көңүл кош мамиле жасалып, өз милдеттерин так аткарбай эмгек тартибин, ички тартип эрежелерин одоно бузуулар:

- сабакка кечигип келүү, сабактарды үзгүлтүккө учуратуу, ж.б. катталса, кызматкердин % дык кошумча төлөм жана материалдык стимулдаштыруу суммасы азайтылат (жоюлат) же структуралык бөлүмдүн жетекчиси тарабынан кийинки окуу жылына эмгек келишимин узартпоо жөнүндө ректорго сунуш берилет.

5.2 Кошумча төлөмдөрдү (КТ) жана материалдык стимулдаштыруунун (МС) суммасынын нормаларын азайтуу (тартип бузуу жонүндө буйрук чыккан күндөн баштап күчүнө кирет, 29.10.2021-жылдын Окумуштуулар кеңешинин №3 протоколу менен өзгөртүү киргизилди).

**Тартип бузуунун түрлөрү**

Кызматкерлер жумушка (сабакка) кечиксе, сабакты үзгүлтүккө учуратса, маалыматтарды өз убагында бербесе же жеткирбесе, университеттин Уставын, ички тартип эрежелерин, этикалык кодексти ж.б. кабыл алынган эрежелерди бузса (акт, билдирүү, протокол менен тастыкталат).

Милдеттендирилген жумушту өз убагында аткарбаса (же сапатсыз аткарса ), AVN ге маалыматтарды өз убагында киргизбесе (электрондук тайпа журналдарын толтурбаса рейтингдин, экзамендин жыйынтыгын, баллдык журналдарды, студенттердин тизмесин, тесттик тапшырмалар, ОУК, силлабус ж.б.).

Окуу-сулдук иштерди аткарууда көчүрүп алса (плагиат), (көчүргөнүн кафедра (ПЦК) башчы, усулдук кеңештин мүчөлөрү аныктайт).

Окутуучу жекече иш планы боюнча жумуштарды, иштин түрлөрүн аткарбаса ж.б.

5.3 Тартип бузууга жол берүү фактысынын негизинде текшерүүчүлөр тарабынан Акты түзүлөт, тартип бузуучудан түшүнүк кат алынат. Ушул документтердин негизинде КРнын эмгек кодексине ылайык ректордун тиешелүү буйругу чыгарылат.

5.4. Тартип бузуулар боюнча % кемитүүлөр учурда каралган жоболордун негизинде чыккан буйруктардын көчүрмөсүн ар бир айдын аягында адистер бөлүмү ЖАМУнун аттестациялык комиссиясынын катчысына өткөрүп берип туруусу шарт.

5.5. Профессордук-окутуучулук курамга, бардык кызматкерлерге окуу процессине байланыштуу тартип бузуунун кандай түрү болбосун, окуу жылынын жыйынтыгы менен кошумча төлөм жана материалдык стимулдаштыруу суммасы чегерилбейт (29.10.21-жылдын Окумуштуулар кеңешинин чечиминин №3 протоколу менен өзгөртүү киргизилди).

5.6. Конкреттүү кызматкерлердин эмгегине %дык кошумча төлөм жана материалдык стимулдаштыруу суммасын жөнгө салуу маселеси аттестациялык комиссиянын зарылчылыкка жараша ай сайын өтүүчү жыйынында чечилет.

**6. Сыйлоо, айлык акыларына кошумчаларды киргизүү боюнча баллдар**

6.1. Аттестациялык комиссия кызматкердин башка жеке инсандык сапаттарын кароого укугу бар, мисалы, анын педагогикалык этикасын, тартиптүүлүгүн, берилген ишти жоопкерчилик менен аткаруусун, ушул ЖОЖдогу иш стажын, илимий-педагогикалык стажын, түрдүү сыйлыктарын кароого.

Жогорудагыларды эске алуу менен аттестациялык комиссия кызматкердин жалпы баллынын санын өзгөртүүгө сунуш киргизе алат.

**7. Аттестациянын жыйынтыгын чыгаруу**

7.1. Профессор-окутуучулардын активдүүлүгүнүн деңгээлин өткөн окуу жылындагы аткарган иштери боюнча жыйнаган жалпы баллдын көлөмү аныктайт жана жаңы окуу жылга даярдыгын көрсөтөт ошону менен бирге эле материалдык стимулдаштыруу (негизги эмгек акысына кошумча төлөм) өлчөмүн чегерүүгө негиз боло алат.

7.2.1. Кызматкер бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө жумуш ордун которсо же болбосо бир кызмат ордунан башка кызмат ордуна которулган учурларда мурунку аттестациянын жыйынтыгы менен алган эмгек акысына кошулуучу үстөк кийинки аттестациядан өткөнгө чейин сакталат.

7.2.2. Өндүрүштүк муктаждыкка жараша окутуучудан өзү окуткан предметинен тест алуу уюштурулат. Аттестациялык комиссиясы бул пунктту аттестациялоо учурунда эске алат.

**Аттестациялык комиссия кызматкерлер менен түзүлгөн бир жылдык келишимди эске алып, жыл ичиндеги ишмердүүлүгүн талдап, окутуучулардын оздөрү окуткан тайпаларынын абсолюттук жетишкендиктерин (төмөн болсо) эске алып, кийинки окуу жылына келишимди узартуу же токтотуу боюнча ректорго**

**сунуш бере алат. Эмгек келишими жок иштеп жаткан профессордук-окутуучулук курам боюнча Аттестациялык комиссия ушундай эле сунуштарды бере алат.**

7.2.3 ЖАМУдагы профессор-окутуучуларды, кызматкерлерди аттестациялоо критерийлерине аттестациялык комиссия ректордун макулдугу боюнча тактоолорду, кошумчаларды киргизе алат.

7.2.4 Комиссиянын 2/3үнөн аз эмес мүчөсү ачык добуш берүү менен көпчүлүк добуш алган кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөмдөрдү чегерүү боюнча аттестациялык комиссия чечим кабыл алат.

7.2.5 Аттестациянын жыйынтыгы (баасы, сунуш-пикирлери) аттестациялык комиссиянын жыйынынын протоколуна киргизилет, аттестациялык комиссиянын протоколуна добуш берүүгө катышкан комиссиянын төрагасы (төрайымы), катчысы, анын мүчөлөрү кол коюшат.

7.2.6 Ректор өзү же аттестациялык комиссиянын сунушун эске алуу менен окутуучунун, кызматкердин негизги кызмат акысына кошумча үстөк төлөмдү чегерүү боюнча чечим кабыл алат.

7.2.7 Эгерде кызматкер ЖАМУнун уставын бузса же өзүнүн милдеттерин так аткарбаса ректор түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин сунушу менен эмгек акысына кошумча төлөнүүчү үстөк төлөмдөрдү мөөнөтүнөн мурун токтотууга укуктуу.

7.2.8. Аттестациянын жыйынтыгы аттестацияланууучу тарабынан AVN порталына жүктөлүшү шарт, AVN порталына жүктөлбөсө же структуралык бөлүм жетекчилери тарабынан аттестация протоколу берилбесе аттестациянын жыйынтыгы чыгарылбайт, аттестацияга катышпады деп эсептелинет. Туура эмес жүктөлгөн маалыматтарды аттестациялык комиссия карабайт жана аттестацияланууучуга билдирүүгө милдеттүү эмес. Жалган маалыматтар берилсе, аттестация жокко чыгарылат, аттестацияланууучуга тиешелүү чаралар көрүлөт, аттестацияланууучунун жеке маалыматтарын тастыктап берген жетекчиге да чара (аттестациялык баллы жокко чыгарылат) көрүлөт *(ОК протоколу №6, 28.01.2022-ж. өзгөртүү, толуктоо киргизилди).*

## 8. Айрым өзгөчө категориядагы кызматкерлерге үстөк төлөмдөрүн белгилөө тартиби жана өзгөчө шарттар

8.1 Төмөнкү учурларда:

- окутуунун контрактык формасына студенттерди кабыл алууну көбөйтүү, жаңы адистиктерди ачуу, адистер менен камсыздоо, окутуунун жаңы формаларын киргизүү;
- университеттин окуу, илимий жана материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүдө, кызматкерлердин өз милдеттерин аткарууда демилгелүүлүгүн көрсөтсө күчөтүү.

8.2 Жаңы ачылган адистиктер боюнча жана кээ бир дисциплиналарды окутуу боюнча университет чакырган жогорку квалификациялуу адистер үчүн аткарып жаткан окуу жүктөмүнүн көлөмүнө ылайык акы төлөө менен жекече келишим түзүү каралат.

8.3 <u>Окутуучуларга, кызматкерлерге үстөк төлөмдүн</u> көлөмүн университеттин экономикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жылдык көрсөткүчтөрдү баалоонун жана анализинин жыйынтыгынын негизинде ректор аныктайт:

- кабыл алуу жана бүтүрүп чыгаруу боюнча план аткарылса (контрактык негизде);
- атайын каражат боюнча киреше бөлүктүн сметасы аткарылса;
- илимий потенциалды жогорулатуу, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү ж.б. менен каржылык каражаттарды максаттуу (рационалдуу) пайдаланса.

8.4 Структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин үстөк төлөмдөрдүн көлөмү, ошол факультетте окуп жаткан (күндүзгү формада окугандарды эске алуу менен) студенттердин контингентинин көрсөткүчүнө жана жетишкендиктерине карата белгиленет.

8.5 Структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин орун басарларына жумушка кирген күндөн баштап ректордун буйругу менен менен эмгек акысына (окладдан) төлөнүүчү үстөк төлөмдөрү кошумча киргизилет:

- окуу иштери боюнча орун басарына -20%;
- илимий иштер боюнча орун басарына -15%;
- тарбия иштери боюнча орун басарына -15% (*ОК протоколу №6, 28.01.2022-ж. өзгөртүү, толуктоо киргизилди)*.

8.6 Аттестациялык комиссия атайын өзүнчө категориядагы кызматкерлерге үстөк төлөмдөрдү эмгек шартынын оор жана зыяндуу жактарын КРнын эмгек кодексинин мыйзамынын чегинде бекитет.

8.7 Аттестацияланууучун ишмердүүлүгүнүн жыл ичиндеги жыйынтыгын эске алып, аттестациялык комиссия аттестацияланууучунун ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсү, жумуш ордунан которуу, калуу же ээлеген кызмат ордунан бошотуу маселеси тууралуу университеттин жетекчилигине сунуш бере алат. Аттестациядан ийгиликтүү өткөн окутуучулардын (кызматкерлердин) жумуш ордунан которуу же калуу маселеси КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин, ЖАМУнун жоболорунун негизинде жаңы окуу жылына карата кафедранын штаттык жадыбалына, окуу жүктөмдөрүн эсептөө-бөлүштүрүүгө ылайык бош вакантттык орундун санына карата жөнгө салынат *(ОК протокол №6, 01.04.2019-ж., № 7, 06.05.2020-ж. № 3, 29.10.2021-ж., №1, 01.09.2024-ж. толуктоолор киргизилген).*

*Тиркеме 1*

**Профессордук-окутуучулук курамдын аттестациялоо баракчасы**

Ф.А.А. ____________________________________________________________
Факультети_________________________________________________________
Кафедрасы__________________________________________________________
Кызмат орду, дайындоо күнү шайлоо___________________________________
Билими, качан кайсы окуу жайды аяктаган______________________________
Илимий даражасы жана наамы ______________________ Жалпы стажы_______________
Илимий-педагогикалык стажы _________________ ЖАМУдагы стажы________________
Сыйлыктары_________________________________________________________
Эсеп-кысап (отчет) мезгилиндеги сыйлыктары ___________________________

**202______ - 202_____ окуу жылында аткарган окуу жүктөмдөрү**

| № | Дисциплиналардын аталышы | Лекциялардын саны | Практикалык, семинардык сабактар | Лабораториялык иштери |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | Жалпы | | | |

**202___ - 202___ - окуу жылында даярдалган жана басмадан чыгарылган Окуу китептери, куралы, лекциялык курстары**

| № | Окуу китеби, куралы, лекциялык курстары, аталышы | көлөмү | чыккан жери | грифи | авторлоштор |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**202___-202___- окуу жылында аткарылган илимий изилдөө иштери**

| № | Илимий эмгек (монография) аталышы | көлөмү | чыккан жери | грифи | авторлоштор |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Баалоо критерийинде каралган кошумча жана зыяндуу иштин түрлөрү**

| № | Абитуриент, аты-жону | Багыты, адистиги | Буйрук чыккандыгы тууралуу кабыл алуу комиссиясынын белгиси | Баллдары |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Аттестациялоо баллынын саны__________ үстөк төлөмүнүн көлөмү %______________

**Институттун директору** __________________

(кол тамгасы)

**Кафедра башчысы** ______________________

(кол тамгасы)

Аттестацияланууучуга берилүүчү суроолор жана анын жооптору:

1) ____________________________________________________________________________

Жообу: _______________________________________________________________________

2) ____________________________________________________________________________

Жообу ____________________________________________________________________________

Аттестацияланууучунун сунуштары жана пикирлери: ________________________________

Аттестациялык комиссиянын сунуштары жана пикирлери: ____________________________

________________________________________________________________________________

Комиссиянын чечими: _________________________________________________________

Комиссиянын төрагасы:_________________________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү:_________________________________________________________

________________________________________________________________________________

*Аттестациялык баракча менен таанышытым:* ____________________________________

*(кол тамгасы)*

*Тиркеме 2*

**Кызматкерлердин аттестациялык баракчасы**

Ф.А.А. ________________________________________________________________________

Факультет ______________________________________________________________________

Кафедра________________________________________________________________________

Бөлүм __________________________________________________________________________

Кызмат орду жана дайындоо күнү ___________________________________________________

Билими, качан кайсы окуу жайды аяктаган __________________________________________

Сыйлыктары _____________________________________________________________________

Отчеттук мезгилдеги сыйлыктары _________________________________________________

Жалпы иш стажы _________________________________________________________________

ЖАМУдагы стажы _________________________________________________________________

Баалоо критерийлеринде каралбаган, кошумча жооптуу (зыяндуу) иштин түрлөрү

| № | Иштин аталышы | Аткаруу процедурасы | Аткарылган иштин жыйынтыгы | Балл |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Аттестациялоонун баллынын саны ____________________________________________

Үстөк төлөмдүн көлөмү (%) ________________________________________________

**Факультеттин деканы** ____________________

(кол тамгасы)

**Кафедра башчысы** ______________________

(кол тамгасы)

Аттестацияланууучуга берилүүчү суроолор жана анын жооптору:

1) ____________________________________________________________________________

Жообу: ________________________________________________________________________

2) ____________________________________________________________________________

Жообу __________________________________________________________________________

Аттестацияланууучунун сунуштары жана пикирлери:

________________________________________________________________________________

Аттестациялык комиссиянын сунуштары жана пикирлери:

________________________________________________________________________________

________________________________________________________________________________

Комиссиянын чечими: ___________________________________________

Комиссиянын төрагасы: ________________________________________
Комиссиянын мүчөлөрү: _______________________________________

Аттестациялык баракча менен тааныштым: ______________________
(кол тамгасы)
Аттестациянын жыйынтыкталган натыйжасы __________________________________________
(структуралык тармактардын аталышы)

**202___ - 202___ - окуу жылындагы ишинин жыйынтыгы боюнча**

| Ф.А.А. | Аткарган кызматы | Результат самоаттестации | | Аттестациялык комиссиянын бүтүмү | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | баллы | % үстөк төлөө | баллы | % кошумча төлөм |
| | | | | | |

Комиссиянын төрагасы ________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү ________________________________________

**Иштеп чыккандар:**
Алибаев А.П
Уметов Т.Э
Турдубаева Б.М